УДК-947.1 (575.2)

Каниметов А.К., Каниметова Р.Б.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ,*

*Каракол шаарындагы Т.Сатылганов ат. мектеп-лицей-интернаты*

# БОРОНБАЙ БИЙДИН ДООРУ

*Жазылган макалада бугу уруу бирикмесинин башчысы Боронбай Бекмурат уулунун XIX кылымдагы Түндүк Кыргызстандагы саясий абалдын оордошунан улам түзүлгөн кырдаалдан чыгуу үчүн "журт атасы" катары өз уруу бирикмесинин кызыкчылыгын коргоп, түзүлгөн жагдайдан элин аман алып чыгып кетүү аракетинин натыйжасында, аргасыздан Россиянын курамына кирүү тууралуу маселесин элинин макулдугу менен кабыл алгандыгы,түпкүлүгүндө жалпы кыргыз элинин биримдигин чыңдоого умтулгандарды жактап, бирдиктүү мамлекет түзүү идеясын колдогондугу, ошол эле кезде айрым журт ээлеринин жеке кызыкчылыгы,*

*сыртқы күчтөрдүн бузукулук иштеринен улам, коңшу элдердин баскынчылык жортуулдарына туруштук берип, Кара кыргыздардын хандыгын түзүү үчүн биригишкен журт башчыларынын саясий иштери баяндалат.*

*In this article, it written that the head of Bugu tribe Boronbai Bekmurat uulu because of difficult situation in 19th century in the North Kyrgyzstan in order to save peaceful life decided to join Russia. Inspire of some people's betrayal, wars of neigh tours he could establish Kara Kyrgyz country. The article describes political events of that time.*

**Журт атасы – Боронбай бийдин доору.** Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында кылымдар бою кыргыз эли күткөн чарбасына ылайыктап, тоодо тиричилик кылып, тоо койнунда жашап келишкен. Окумуштуулардын айтуусунда, адам мекендеген жаратылышына ылайык анын улуттук мүнөзү калыптанат. Кыргыз эли мекендеген тоолор кыргыз элинин руханий, маданий баалуулуктарынын, нарктарынын жаралышынын кереметтүү булагы. Тоолор кыргыз элине ишенимдүү турак да, жоодон жана чет жерлик баскынчылардан коргоочу табигый калканч да болгон. Мына ушундай тоо койнунда, Ысык-Көлдү жердеп, «Журт атасы» деген наамга татыктуу, алысты көрө билген, элдин келечеги үчүн кам көргөн XIX к. бугу уруусунун башкы манабы - Боронбай Бекмурат уулу жашап өткөн. Ал, Ормон Ниязбек уулу 1842-жылы Көтмалдыга (Балыкчыга) жакын Кызыл-Токойдо хандыкка көтөрүлгөнгө чейин, андан кийин деле, хандыкка караштуу аймактык бирдиктин жеке башкаруучусу катары 1858-жылга чейин бийлик жүргүзгөн. Кезинде бугу уруусу Орусиянын карамагына өткөндө орус бийлиги анын «Чоң манап» мансабын тааныган, ага Россия армиясынын подполковниги аскер наамын ыйгарган.

Боронбай Бекмурат уулу (1789/1790-1858-жж) Ысык-Көлдү жердеген бугу уруусунун белек уругунан.Тагай бийдин 9-муундагы урпагы. Анын ата-бабалары Белек бий, Алдаш бий, Бекмурат (Меңмурат) бий XVIII к. биринчи жарымында калмак баскынчыларынын чапкынында (Арка кыргыздары Фергана, Гиссар, Гулябка сүрүлгөндө) калктын башында турушкан. Кийин кыргыз уруулары кайра кайта баштаганда алгачкылардан болуп Кетмен-Төбөгө келгендер бугулар болгон. Бугунун башчысы Белек бий калмактар менен тынчтык мамиле түзүп, Кетмен-Төбөнүн ойдуң жерлерине аштык (арпа, буудай, таруу) айдатып, элинин турмушун оңдоого кам көргөн. Белектин атагы алыска кетип, качкын кыргыздар аны караан тутуп, туш-туштан келе башташкан. Ысык-Көлгө болсо XVIIIк. 70-ж. кайтып келишкен. Бул мезгилде бугуларга Бийназар бий Алдаш уулу (Белек бийдин небереси) жетекчилик кылган. Көп өтпөй Бийназар бий өз элинин атынан Цин империясынын борбору Пекинге барып, императордун салтанаттуу кабыл алуусунда болуп, андан белек алган. Кийин XIXк. 20-ж. бийлик Бийназар бийдин атасы бир, энеси бөлөк бир тууган иниси Бекмурат уулу Боронбайга өткөн.

Боронбай бала кезинен эле элинде болуп жаткан ар кандай окуяларды көрүп, айрымдарына өзү да катышып, ошол мезгилдин белдүү инсандары Ормон хан, Жантай, Медет датка, Жаңгарач бий, Ажыбек датка, Алымбек датка ж.б. таасирленген жана ошол кездеги опурталдуу заманда эли-жеринин бейпилдиги, келечеги үчүн тарыхый кырдаалдарга жараша ийкемдүү мамиле жасай алган. Ал өз элинин жетекчиси гана болбостон, ички-тышкы мамилелерде саясатчы, согуштук иште алысты көрө билген стратег, ири демократ, куюлуштуруп сүйлөгөн чечендиги эл оозунда айтылып, тарых барактарында жазылып калган. Андыктан, "...сындын ээси Санчы, ырдын ээси Арстанбек, ойдун ээси Калыгул, малдын ээси Олжобай, ал эми журттун ээси Боромбай" - деп бекеринен айтылбаса керек. XIX к. 30-ж. уруу бирикмелеринин ортосундагы чыр-чатактар, казак, кытай, кокондуктардын кысымы, саясий кырдааалдын татаалданышын чечүүдө ар бир жагдайды өз уруу бирикмесинин пайдасына чечүү үчүн Журт башчылары бүткүл күч кайратын, айла-амал, акылын жумшоого туура келген. Күңгөй менен Тескейден бийик чеп-коргондой асман тиреп Ала-Тоо курчаган Ысык-Көл ойдуңун мекендеген Бугу уруу бирикмесинин аймагынын стратегиялык мааниси арткан. Түндүк-чыгыштан Чоң Ордо (Улуу Жүз) казактары, түштүк-батышта Кокон ханы, чыгышта Цин Кытайы көз арткан.

Ошол мезгилде түзүлгөн оор саясий кырдаалдан чыгуу үчүн Бугу уруу бирикмеси Цин империясы менен Кокон хандыгына караганда кыйла алыс турган Россия мамлекети менен ынтымак түзүүнү ылайык көрүшкөн. Ысык-Көлдө өз үстөмдүгүн орнотууга орус мамлекети кыргыздардан кем эмес кызыкдар болгон. Батыш Сибирдеги орус бийлиги Ысык-Көлдүн чыгыш тарабы аркылуу өтүүчү кербен жолун ээлеген бугулар менен мамиле түзүү демилгесин көтөрүшкөн. 1811-ж. соода кербендери ташкендик Миркубан Ниязов, казандык татар Абдулгазы Умаровдун, 1812-ж. Семипалатинскиде соода кылган А.Юсупов, С.Курбанбакиев ж.б., 1813-ж. кайрадан М.Ниязовдун кербендери бугуларга соода кылып, эки тараптын кызматташуусу жөнүндө кат алып келишип, уруу төбөлдөрүн орусиялык маанайга тартуу аракеттерин жүргүзүшкөн. 1813-ж. Шералы бийдин уулу Качыбек, Ниязбек бийдин уулу Жакыпбек баш болгон кыргыз элчилери да Батыш Сибир генерал-губернатору Г.И.Глазенаптын кабыл алуусунда болуп, падышанын атынан урмат көсөтүлүп, Качыбекке алтын медаль, Жакыпбекке каухар таштуу кымбат баалуу шакек тартууланган. 1824-жылы семипалатинскилик көпөс С.Поповдун кызматчысы казандык татар Файзулла Сейфуллин, ишимдик мещанин П.А.Пиленков, казак султаны Галий Адилев, төлөнгүтү Уйсунбай Шүкүров бугу уруусунун (желдең, арык, белек) бийлерин өздөрүн орус букарларыбыз деп таанууга жана ушул максатта Россияга элчилерди жиберүүгө көндүрүшкөн. Акылбек бий Олжобай уулу, Алгазы бий Шералы уулу, Алымбек бий Жапалак уулу баш болгон элчилер 12 миңдей түтүн элдин атынан жазылган кат менен 1825-жылы 5-январда Омскиге барышкан. Аларды генерал-губернатор П.М.Капцевич жылуу кабыл алып, падыша өкмөтүнүн кыргыздарга карата көңүлү түз экенин билдирип, урмат көрсөтүү иретинде элчи башы үч бийге алтын медаль ыйгарылган. Ал кезде кыргыздар алыста жайгашкан орус мамлекети колониялык держава экендиги жөнүндө эч кандай кабары жок эле. Орус бийлиги өз үстөмдүгүн толук орнотуп, жаңы мыйзамдарды киргизип, салыктарды салаарын, миндеген орус ж.б. элдердин көчүп келерин, мыкты жерлерди тартып алып, аларга зордук-зомбулук көрсөтөрүн билген эмес. Аталган уруулардын орус мамлекетине кошулгандыгы жөнүндө актыны бекемдеш үчүн Ысык-Көлгө атайын орус (казак) отряды даярдалган.

Кыргыз элчилерин Семипалатинсктен Караталага (Казакстан) чейин полковник Шубиндин эки замбирекчен 120 казак орусунан турган отряды коштосо, андан ары Ысык-Көлгө чейин хорунжий Нюхаловдун 50 казак орусунан турган отряды коштогон. Алар 1825-жылы 1-августунда Ысык-Көлдүктөр менен жолугушкан. Алардын келиши бул аймакта эң чоң тарыхый окуя болгон. Бугулар орус элинин өкүлдөрүн салтанаттуу кабыл алышкан: "Жаңы эле отряддарды бөлүштүрүп бүтсөк, кыргыздар бизди тегеректеп..., андан соң өздөрүнүн жашоо образына ылайык сыйын көрсөтүштү. Топтошкон эл арасынан музыка чыгып, элдик ырлары ырдалып шаңга бөлөндү". "Биздин отрядды жакшы сый жана достугун билдирген көп эл тосуп алды". "Алар биздин отрядды кой эти жана кымыз, шараптар менен сыйлашты"- деп жазышкан. Нюхаловдун жетекчилигиндеги отряд Каракол суусунун боюнда аттарын тыныктыруу үчүн калышкан.

Отряддын экинчи бөлүгү Омск гарнизондук полкунун дарыгери Зибберштейндин башчылыгында элчи Алгазыны турагына чейин жеткирүүгө барышкан. Зибберштейн ыраазы болуп:" ... Биздин жолубузду Жыргалаң суусунун боюнда турган уруу башчысы Олжобай бий өзү карамагындагы эли менен тосуп алды. Алгачкы жолугушканда эле ал биздин өкмөттүн аларга кылган мамилесин баалай билгенин көрсөттү. Россияга барган уулу Алгазыдан ал жерде болгондорду угуп жатып, ушунчалык сыймыктануу менен көзүнө жаш алып, эли менен ыраазы экенин билдирип жатышты..." - деп жазган.

Андан кийин Зибберштейн экинчи элчи Алымбекти журту Жуукунун боюндагы желдең уругуна коштоп барган. "Желдеңдер дагы абдан чоң сый урмат көрсөтүшкөн. Чогулган элдин алдында биздин элчинин атасы Жапалак бийдин сөзүнөн кийин эл ыраазычылык менен Россия тарапта экендигин билдирип жатышты" - деп жазган Зибберштейн. Көл жергеси менен таанышып, бир аз эс алуудан кийин офицер Нюхалов

менен бугулардын чоң жыйыны өтөт. Анда Батыш Сибир генерал-губернаторунун каты окулат. Катта: “Россия силерди өзүнүн күчтүү камкордугуна аларын билдирет жана силер тараптан уруулар ортосундагы чатактарын токтотуп, жарашып, биздин соода кербендерибизди эч кандай талоончулукка, уруулукка учуратпай өз жериңерден коштоп өткөрүп турууну талап кылат,” - деп жазылган. Жыйында Нюхаловдун сунуштары колдоого ээ болгон, бирок айрымдары Россия букарлыгын кабыл алууда эки анжы болушкан, анткени ушул тапта Кокон хандыгынан да элчилер келишкен эле. Алар бугулардын Мадалы хандын бийлигин таануусун талап кылышкан. Бирок бугулар аларды четке кагып, өздөрүн орустардын букарлыгын кабыл ала тургандыктарын билдиришкен. Орус элчилери элине 1825-жылы 7-августта кайтышкан, аларды Сан-Таш ашуусуна чейин кыргыздар коштоп барышкан.

Бирок бул кыргыздардын мамилесиндеги жетишкендиктер орус бийлиги тарабынан толук бекемделе элек эле. Ал кезде падыша өкмөтүнүн көңүлүн Россиядагы дыйкандардын революциялык кыймылдары, декабристтердин көтөрүлүшү, Франциядагы, Австро-Венгриядагы, Германиядагы революциялар бургандыктан, Чыгыш маселеси калып калган. Мындан Кокон хандыгы пайдаланып, Фергана өрөөнү, Памирдин кыйла бөлүгү, Тоолуу Бадахшан, Кожент, Жызак,Ташкен, Түштүк Казакстан, Кыргызстандын бардык аймактары, Кашкар оазистеринин бир бөлүгү Кокон хандыгына бириктирилген.

1830-жылы кокондук аскерлер Ысык-Көлгө басып киришкен. Кыргыздардын бытырандылыгы, бугулардын Ысык-Көлдүн кең аймагында чачыранды жайгашуусу жана кыргыздар кышында кыштоолорунда жаткан мезгилде кокондуктардын кол салуусу оңой олжо болгон, бугулар жай мезгилдериндей Тянь-Шань тоо койнуна кире качып кутула албай калышкан. Кокон хандыгынын тушунда кыргыздар болуп көрбөгөндөй жапа чегишкен. Уруулар ортосундагы чыр-чатактар басылмак турсун күч алган. Бугу уруусунун тынымсейит уруусунан чыккан Арстанбек эл арасында чоң ырчы болуп, кадыр-баркка ээ болгон кезде, сарбагыштар менен бугулардын мамилеси бузулуп, сырт сарбагыштары бугу ууруусунан тараган тынымсейит уруусуна да кысымчылык көрсөтө баштайт. Ошол учурда Арстанбек атасы жана агайын тууганадары менен Боронбайды караан тутуп, көлгө көчүп келишкен. Кокон хандыгынын бийлигинин тушунда кыргыз эли толук сабатсыз бойдон калган, жазуу адабияты болгон эмес. Чарба жүргүзүүдө жана экономикасынын өсүшүндө эч кандай жылыштар болгон жок. Элди эзүү, кокондуктардын алык-салык саясаты карапайым элдин жакырдануусуна алып келген. Бул мезгил жөнүндө Арстанбек Кокон бийлөөчүлөрүнүн жер соорусу Караколго келип отурукташып сайран кургандыгына жаны кейип, көкүрөгүн тээп, көөдөнүнө батпай турган ачуу ызасын, ордого болгон жек көрүүсүн төмөнкү ыр саптары менен билдирген:

Кокондук алды көлүңдү,  
Кокуйлатты элинди,  
Көлдүн башын сарт алды,  
Көкүрөктү дарт чалды.

Дагы бир ырында: Тегереги кыргыздын,  
Темирден тарткан тор болду.  
Түшкөн жери кыргыздын,  
Кырк кулач терең ор болду.  
Көчмөндүү биздин көп кыргыз,  
Көк чапан сартка кор болду, - деп ырдаганда угуп отургандардын көздөрунө жаш тегеренген.

1832-ж. бугулардын Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы биринчи кыймылы болуп, ал ырайымсыздык менен басылган. 1843-жылы бугулардын экинчи көтөрүлүшү болот, анда алар кокондук гарнизонду жок кылып, чептерин талкалап, бектерин кууп чыгышкан. Ошентип, бугулар кокондуктардын экономикалык жана саясий эзүүсүнөн бошонушкан.

Бул болуп жаткан окуялардын бардыгы Боронбайдын көз алдында өткөн. Эл башында туруп, түзүлгөн кырдаалга жараша өзүнүн саясий багытын элинин өнүгүү

нугуна бура алган саясий ишмер катары, эл башкаруунун татаал сырларын, элчилик өнөрдү үйрөнгөн. Бул кырдаалда бугу уруу бирикмесинде Боронбай жеке бийлик жүргүзүү боюнча кээ бир аракеттерди жүргүзгөнүнө карабастан, ал түпкүлүгүндө жалпы кыргыз элинин биримдигин чындоого умтулгандарды жактап, бирдиктүү мамлекет түзүү идеясын колдогон. 1842-жылы Ормон Ниязбек уулун хан көтөрүү салтанат-аземине өз ыктыяры менен катышкан. Анткени аркалык кыргыздардын бардыгы Кокон хандыгынын үстөмдүгүнөн кутулууну эңсеп, өз алдынча кыргыз хандыгын түзүү үчүн өз эрки менен чогулушкан. Буга чейин эле бугу менен сарбагыш элинин бир туугандыгын бекемдеш үчүн, Ормондун кызы Гүланданы (Кулан) уулу Өмүрзакка кудалап, бүлө кылган. Бул кудалашууда Ормонду аталаш агасы Калыгул көндүргөн. Боронбай баш болгон бугу уруусу кыргыздын саяк, солто, черик ж.б. чоң, кичине уруулары менен кыз алышып, сөөк жаңыртып турушкан.

Бирок ички, тышкы күчтөрдүн элдин ынтымагына доо кетирген бөлүп-жаруучу арам иштери өз алдынча кыргыз хандыгын түзүү аракетинде болгон Ормон менен Боронбайдын мамилесинин бузулушуна, жоолашуусуна алып келген. XIX к. 40-жылдарында бугулардын кайрадан Орус мамлекетинин букарлыгына өтүү аракеттери жандана баштайт. 1844-жылы Боронбай Батыш Сибир генерал губернаторлугуна коңшу уруулардын кол салуусунан куткаруу жөнүндө өтүнгөн кат жөнөткөн. Бирок анын өтүнүчү орундалган эмес. Ысык-Көлдүн жээгиндеги жайыттарды тартып алуу максатында сарбагыш уруусунун тынымсыз канкорлук менен кол салуулары, малды айдап кетүүлөрү, элин туткундап, аларды кулга айландыруулары, кокондуктардын жыл сайын төлөй турган зекеттерди талап кылуусу, кулжалык салык чогултуучулардын талоончулугу бугулардын орус бийлигинен жардам суроого түрткөн. Айласы кеткенде Кытай мандариндеринин арасында жогорку титулга ээ Боронбай абалдын оорлоп баратканын билдирип, кытайлыктардан жардам сурап өтүнгөн. 1839-1842-жылдары англиялыктар менен болгон "Апийим" согуштарында кытайлыктар жеңилип калып, англичандарга 21 миллион доллар контрибуция төлөөгө тийиш болгон жана Кытай жарым колонияга формалдуу түрдө өз алдынча, бирок бир кыйла деңгээлде экономикалык жана саясий жактан капиталисттик державаларга көз каранды өлкөгө айлана баштаган. Мындай шартта Ысык-Көлгө келүүлөрүн токтотуп койгондуктан, жардам берүү жөнүндө ойлонуп да коюшкан эмес.

XIX к. 40-жылдарында Кененсары баш болгон казак феодалдары Кыргызстандын түндүгүнө талоончул жортуул уюштурду. Түндүк кыргыз уруулары Кененсары Касымовдун бейкүнөө далай кишинин өмүрүн алып кеткен чапкынына да туруштук берүүгө туура келди. Кененсары хандын куралдуу күчтөрү кыргыз жергесин басып кире, айылдарын өрттөп, тынч элди ырайымсыз кыргынга учураткан. Ормон хан, Жангарач бий, Жантай бий, Боронбай бийлер чогулуп, кыргыз күчтөрүн баш коштуруп, катаал жоого каршылык көрсөтүүнү уюштурушкан.

Алгач көтөрүлгөн улуттук боштондук ураанын акырында баскынчылыкка айланткан Кенесары менен Ноорузбай күнөөсүз төгүлгөн кан үчүн кыргыз элинин колунан өлүм табышат. Көптөн бери айыгышкан жоосу Кененсары хандын куралдуу күчтөрүн кыйраткан кыргыз жоокерлеринин эрдигине таң калган, бир чети чочулаган Орус империясы жана Кокон хандыгы Ормон ханга атайын элчи жиберип жеңиш менен куттуктоого ашыгышкан. Кененсары хандын жок кылынгандыгына ынануу үчүн орус бийликтери анын башын сурашат. Аны элчи Калыгул Алыбек уулу карагай чайыры толтурулган челекке чөгөрүп, каты менен Омскиге жеткирет. Аяктан Санкт-Петербургга император Николай I ге жеткиришкен. Император Ормон ханга алтын медаль, алтын галундуу (золотыми галунами) I даражадагы халат, Жантай, Боронбай бийлерге жана эрдик көрсөткөн кол башчыларга, жоокерлерге алтын медаль жана грамота ыйгарып, Ормонду Омскиге келип алып кетүүгө чакырат. Бирок Ормон хан өзү барбастан уулу Үмөтаалыны жиберет. Ормон хан сыйлыкты кабыл алып, ээлерине салтанаттуу түрдө тапшырат. Алтын галундуу халаттын жеке Ормонго келиши Жантайдын купулуна толбой, өзүнөн жогоруураак сыйлык алган Ормон ханга тымызын эрегиши арта берген.

Ушундан кийин Ормон хан казактар менен эки тараптуу келишимге кол коюшат,

1847-жылы 22-августта достукта жана тынчтыкта жашоого милдеттеме алышат. Бул маанилүү ишке чек ара начальниги Вишневский катышкан.

Бул эки элдин жарашуусу Кокон хандыгын Түштүк кыргыздардын Кара кыргыз хандыгына кошулуп кетишине алып келет деп чочулаткан. Алар аркалык кыргыз хандыгын күчтөнө электе жок кылууну көздөйт. 1847-жылы октябрда аталык Мусулманкул 5000ден ашуун колду жетектеп кыргыз жерин басып кирет. Кокондуктардын кол салуусу боюнча кабары бар Ормон хан кыргыз урууларынын бириккен куралдуу күчү менен төрт күн дегенде аларды артка чегинткен.

Ушундан кийин Ормон хан кыргыз хандыгынын чегин жаңы жерлерди басып алып кеңейтүүнү көздөйт. Бул максатта ал казак жерлерине көз артат. 400 түтүн эли менен казак жерин басып кирген. Бул иши оңунан чыгып, түштүктө Иле дарыясынын, чыгышта Челек дарыясынын, батышта Кордойго чейинки казактар эч кандай кан төгүүсүз баш ийишип, Ормонду өзүнүн ханы катары кабыл алышкан. Көчүп баргандан кийин элдерди Иле боюндагы ыңгайлуу жерлерге жайгаштырат. Тилмеч Галим Ягудинден кеңеш сурап Николай I ге Чү жана Иле дарыяларынын ортосунда көчүп жүрүүгө уруксат сурап кат жазат. Батыш Сибирь генерал-губернатору сураган жерлери берилбей турганын кабарлагандан 1 жылдан кийин Ормон хан 1853-жылы күзүндө кыргыз жерине кайтып келүүгө аргасыз болот.

Ормон хандын жоктугунан пайдалангысы келген Кокон хандыгы Ташкен Кушбеги Нурмухаммеддин кол алдында 5000 аскери менен 1852-жылы басып кирип, Бишкектеги чебин бекемдеген. Боронбай, Жантай бийлер элди курап, баскынчыга каршылык көрсөтпөстөн, Бишкек чебине Нурмухаммед чакыртып келгенде Кокон бийлигин колдой турганына күбөлүк беришкен. Нурмухаммед Ормон хандын кол салуусунан коркуп, аскерлери менен кайра кеткен. Ормон хан Көк-Ойрокто, Кичи Ак-Сууда бийлердин жыйынын өткөрүп, кокондуктарга каршылык көрсөтпөстөн, коркоктук кылып, эл алдында берилген антты бузгандыктары үчүн Жантай, Боронбай бийлерди катуу күнөөлөйт. Жер-жерлерде кыргыз хандыгынын өкүмүн жүргүзө берүүнү талап кылып, Коконго салык төлөөгө тыюу салат. 1855-ж. күзүндө кыргыз курултайын чакыруу, ага чейин жоокерлерди куралдандырып кокондуктардын кайрадан басып кирүүсүнө даяр туруууга бүтүм чыгарат.

Кыргыздардын таасирлүү бийлери Жантай менен Боронбайдын ички ич күйдүлүгү, жеке кызыкчылыктары кыргыз биримдигинин ыдыроосуна негиз болгон. Буга Ормон хан да күнөөлүү, ал бугу жана башка уруулардан чыккан төбөлдөрдү өзүнө тарта алган эмес. Хандыктагы башкы кызматтарга сарбагыш уруусунан гана дайындай берген.

Орус тыңчысы Файзулла Ногаевдин азгырыгы менен Боронбай бий Орус букаралыгын кабыл алууну кайткыс чечип, Ормон ханга ооз учунан баш ийген болуп, тыңчы аркылуу Омск менен такай байланыш түзүп, чечүүчү учурду күтүп турган. Орусия убакытты созуп, аларды Ормонго каршы тукурууга киришкен. Жантай бий менен Боронбай бийдин Ормон хандын бийлиги боюнча ойлору бир болгондугу алардын тымызын байланышын бекемдеген. Уруулар ортосундагы майда чатактарга курч мүнөз берилип, Ормонго наарызычылык күч ала баштайт. Акыры мындай аракеттер бугу уруу бирикмесинин Россиянын курамына киргизилиши менен аяктады. Падыша өкмөтүнүн сунушу боюнча Боронбай бий жөнөткөн элчилер 1854-ж. 26-сентябрда Омскиге келгени белгилүү. Алар алып келген катта 12 манаптын мөөрү басылган болчу. Элчилердин башчысы Качыбек Шералин 1855-ж. 17-январда Омскидеги орус бийлигинин талабы жана мусулмандардын салты боюнча бугу уруусу Россиянын букаралыгына өтө тургандыгынын кепили катары Ыйык Куранды кармап ант берет. Батыш Сибир генерал-губернатору Боронбай бийдин аймакта Россиянын таасирин таратуудагы эмгегин жогору баалап, аны бугу уруу бирикмесинин башкы манабы деп тааныган. Ошондой эле ага подполковник аскердик чин – наамын ыйгарган. Ага кийинки жылы дагы баалуу чылк күмүштөн жасалган белектер тартууланган. Боронбай бийдин бул өңүттөгү ишмердигине баа бергенде, анын демилгеси ошол доордогу татаал тарыхый кырдаал менен шартталгандыгын, Ормондун

мамлекет куруу аракетин аргасыз бузууга жана ошол кездеги жагдай үчүн туура чечим экенин эске алуубуз керек.

Ормон хан Боронбай бий баш болгон Бугунун бийлерин чакыртып: "Кара кыргыз бүтүн эл бойдон калсын, Орус букарасы болгон антыңардан кайткыла. Кайтпай турган болсоңор орустарга тиешелүү бош турган Иле боюна көчүп кеткиле. Бул жакка Алай, Памирден кыргыздарды көчүрүп келем..."- деген катуу шарт койгон.

Бугулар ачык жооп бере албай кеңешели, сүйлөшөлү деп тарашат. Файзулла Ногаев: "Ормон силерди соо койбойт, өз жериңерден сүрүп, Илеге сүргүсү бар, коркпогула. Орус аскерлери жардамга келет. Эптеп ыңгайын таап Ормонду кармап жок кылсаңар, сыйлык аласыңар", - деп көкүткөн. Бугулардын жообу кечиккендиктен сүйлөшүүгө Боронбайды Кутургуга чакырат.

Болжошкон күнү Боронбай сүйлөшүүгө эмес чабышууга даярданып, миңге жакын куралдуу кишилердин алдында күтүп турган. Ормон хан келген учурда Бугулардын куралчандары "Белек, Белек"- деп ураан чакырып алдынан чыгышкан. Ормон ээрчитип келгендерине "Силер артка кайткыла, бекер өлүмгө учурайсыңар. Мен ордумда болоюн. Хан башым менен өз элимден качканым уят болор", - дейт. Ормон дөңгө келип отурат...

Ошентип, Ормон хан Боронбайга жетпей Балбайдын шамшары менен колтукка жеп, жарат алып, кансырап, кызы Куландын үйүндө көз жумат. Сарбагыштар анын кунуна 1000 жылкы, Боронбай, Муратаалы, Качыбек бийлердин кыздары баш болгон 100 кыз доолашат. Кун төлөө талаптары орундалбаган сарбагыштар миңдеген аскери менен чабуулга чыгышкан. Жазыксыз кан төгүлгөн, эки тарап тең жоготууларга учурап, эл башына кайгы түшөт. Бугулар көлгө даай албай, Кызыл-Кыя, Сан-Ташка сүрүлүшөт. Сарбагыштар аякка да тынымсыз кол салышат. Боронбай бийдин кичүү аялы, эки келини туткунга кеткен. Боронбай бий зарыгып орус аскерлерин күтөт, кат жаздырат. Жооп келбейт, жооп берүүгө орустар да шашпайт.

1856-жылы Ормон хан өлгөндөн кийин П.П. Семенов-Тянь-Шаньский жетектеген экспедиция Ала-Тоонун жаратылышын изилдегени келип, Каркырада турган Боронбай бийге жолугат. Андан бугу элинин абалы жөнүндө кайгылуу баянын угуп, окумуштуу элдин кайгысын бөлүшөрүн билдирип, Үмөтаалыдан үй-бүлөөсүн бошотууга жардам берет. Эл башына түшкөн кайгы арбып, көл боюна эгин эгилбей, мал багылбай томсоруп ээн калган.

Чохан Валихановдун жазган маалыматына караганда, бугулар Ысык-Көл өрөөнүнүн түштүк-чыгыш тарабында, Жыргаландан тартып Ак-Суу менен Кызыл-Сууга, Жууку, Барскоонго чейин ээлик кылышкан. Өрөөндү экиге бөлүп коюп, бир бөлүгүнөн кышкы тоют камдап, бирөөнө малын жайышкан. Айрыкча, Жыргалаң суусунун боюн, көл жээгин кышында мал кар тээп оттошу үчүн корушкан. 1856-жылы Боронбайдын өтүнүчү менен орус падышачылыгы атайын Ысык-Көлгө илимий-стратегиялык экспедиция уюштурган. Аны подполковник Хаментовский жетектеген, илимий изилдөөнү Ч.Валиханов жүргүзгөн. Атайын түзүлгөн казак отряды эки ай бою бугу уруусу жайгашкан жердин топографиялык илимий-стратегиялык картасын түзүп, баалуу маалыматтарды жыйнаган. Ч.Валиханов кыргыздын тарыхына байланыштуу кызыктуу маалыматтардын кыйласын Боронбай бийдин өзүнөн алган. Боронбай кеп-сөздү баалай билген, нукура элдик каада-салттарды, адат-наркты бекем сактаган. Өзү да кыргыздын макал-лакап, нарк, нускасын, нускалуу накыл, насаат сөздөрүн айткан. Санжыра, уламыш, баяндарды кары-жаш дебей жакшылап үйрөнүүгө үндөгөн, орундуу сүйлөгөнү, жупуну жашоосу, жүргөн-турганы, кылган иши, кулк-мүнөзү, жада калса турган турпаты менен да башкалардан кескин айырмаланып, элине үлгү болгон. Ч.Валиханов менен маек курганда элдин пикири чоң мааниге ээ экенин баса белгилеген. Бул анын коомдук көз караштарында демократтык элементтер үстөмдүк кылганынан кабар берет. Боронбай манап өзү жашаган жерди мыкты өздөштүрүп, экологияны таза коргоп, элин дайым токчулукта күткөн. 1843-жылы Жуукуда Кызыл-Үңкүр деген жерде кыштап, айылын курчата чеп курдурган. Жууку аркылуу ээлтен бери Ысык-Көл өрөөнүнүн сырттагы жайлоолору, Нарындын башы, Кашкар, андан ары Тибет, Индия ж.б. жерлер менен байланыштырган кербен жолу өткөн. Жуукунун

жээгинде Саруу, Дархан айылдары жайгашкан. Бул чеп бугу уруусуна кыштоо болгон, анткени Кызыл-Үңкүр деген үңкүргө миңдеген малды кармашкан.

Чарба жүргүзүүдө Боронбай манаптын чоң тажрыйбасы болгон, анткени Жуукунун боюн тегерете тал менен курчап, жемиш бактарын тиктирип, коон-дарбыз, өрүк, алма, шабдаалы, алмурут ж.б. өстүрүп, жерди иштетишкен, ошондой эле ирригациялык системасы да жакшы колго алынган. Бул тууралуу Боронбай Бекмуратов, Качыбек Шералин, Мураталы Бирназаров ж.б. 1855-ж. 18-июлда Ала-Тоо округунун приставы М.Д. Перемышельскийге жөнөткөн катта: “Көл менен Жууку суусунун боюнда биздин да эки коргонубуз бар, эки коругубуз б.а. бакча-чарбактарыбыз бар, аларда өрүктөр, алмалар жана жүзүмдөр бутак жайып өсүп чыкты. Коон. дарбыз ж.б. жемиштер дагы жакшы өсүп, бышып калды” - деп жазылган. Көлдүн түштүк кылаасын Ак-Суудан баштап Барскоонго чейин жана Чычкан суусунун өрөөнүн айдоо ээлеп жаткан жана бардык сууларда суу тегирмендер болгон. Боронбайдын демилгеси менен 25 суу тегирмени курулган. Жалпы эл эгин айдоого катышкан. Жылыга бугулар 15 миң кап эгин сээп, бир каптан 10 кап эгин алган. Негизинен буудай, арпа, таруу эгишкен. Таруудан бозо салышкан, бозодон арак тартышкан, эртеден кечке конокто да, үйдө да бозо ичилген. Бияктагы эл эмгекчил болгон, өзү жапкан нанын жеп, өз тегирменине ун салып, кышкысын бозо, жайкысын кымыз ичип токчулукта жашашкан. Көл кылаасында кышкысын анчейин катуу суук болчу эмес. Кар ноябрдын аяк ченинде түшүп, март айынын башында эрип кеткендиктен аба ырайы жылдын көпчүлүк учурунда жылуу болгон. Ал эми ойдуң жерлерге кар майдалап чанда гана жаачу. Жаан-чачын көбүнчө жазында жаагандыктан жерди жумшартып койчу. Ошондуктан мындагы кыргыздар негизинен мал кырылып калчу башка табияты татаал аймактардан айырмаланып жуттан кабары жок бардар жашашкан. Мал-жандуу байлары да бөлөктөргө караганда арбын болгон. Орто байлардын 1000-2000ден кою, жүздөгөн төөлөрү, ири мүйүздүү малы жана жылкылары болгон. Боронбай бийдин карамагындагы кыргыз айылдарын аралап өткөн Ташкент, Анжиян, Фергана, Самаркан, Кашкар, Кулжалык, Россиялык соодагерлер ага ар түркүн белектерди беришип, чек арадагы ашуудан өткөзүп, соода-сатыктан түшкөн мал-мүлкүн Кулжага, Турпанга ж.б. калааларга чейин коштоп баруу үчүн жигиттерди сурап алышкан. Боронбай бийдин дагы бир үлгү болорлук касиеттеринин бири - калкын чоң урук, кичи урук, курама урук деп эч качан бөлүп жарбай, бардыгына бирдей журт атасы катары мамиле жасаганы, акыйкат жана калыс болууга далалат кылганында.

Академик В.В.Бартольд уруу башчылары: “өзүнүн жеке сапаттары менен алдыга суурулуп чыккан Ормон жана Боронбай сыяктуу саналуу гана кишилер башкы жол башчылыкка жетише алышты, мында биринчиси эр жүрөктүүлүгү, жалтанбастыгы, экинчиси эң мыкты акылы менен таанылган”-деп баа берген.

Эл ичинен адилет, калыс, акылгөй башчыларды көрсө, чын ниетинен кубанган Арстанбек Буйлаш уулу Боронбайды “Калыс сөздү айтайын, көлдө сүзчү кеме элең, калк коргогон эр элең. Саябандуу бак элең, салтанаттуу жан элең” деп даңазалап ырдаган. 2012-жылы Боронбай Бекмурат (Меңмурат) уулунун аты Каракол шаарыбыздын Октябрь көчөсүнө ыйгарылды.

Адабияттар:

1. Акаев А. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу (тарыхый иликтөө), - Б.: Учкун АК, 2002. - 212-бет.

2. Валиханов Ч. Собрание сочинений. Том второй. - Алма-Ата, 1985, - 42, 10-11, 36-38 ,85, 14, 33-беттер.

3. Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. 1-китеп. – Бишкек, 1993, - 143, 43-44-беттер.

4. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. – Бишкек, Кыргызстан, 1995. - 113-бет.

5. Жапаркул Токтоналиев.Ормон хан. - Бишкек 2003. - 42-45,80-95-беттер.

6. Өмүрбеков Т.Н., Чоротегин Т.К. Кыргыздардын жаңы доордогу тарыхы (XVII-XX к. башы). -- Бишкек, Кыргызстан, 1995. - 45-бет.

7. Аристов Н. А. Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков Большой орды и каракиргизов, на основании родословных сказаний и сведений о существующих родовых делениях и о

родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследований. — СПб.: Тип. С. Н. Худекова, 1895. — 96 с. — (Отд. отт. из: Живая старина. — 1894. — Вып. 3, 4).

8. Плоских В.М. Первые киргизко-русские посольские связи. –Ф.: Илим 1970. -22-бет.

9. Боромбай Меңмурат уулунун XIX к. коомдук саясий ишмердиги (Илимий колдонмо). –Каракол: К.Тыныстанов атындагы ЫМУ, 2004. – 22, 28-беттер.

10.”Тарых жана мурас “түрмөгү. Кийик болбой, бийик бол! Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына арналган жыйнак. -Б. 2014. -112-113-беттер.

11.Боронбай Меңмурат уулунун доорун калыс иликтөө зарылдыгы. Кут билим”газетасы № 6, 13-февраль, 2015-ж. 7-бет